| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**<br>**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I-чакырылышынын**
**IX-кезексиз сессиясынын**
**Токтом №12/8**

2024-жылдын 30-июлу — Жаңы-Арык айылы

**Муниципалдык менчикти ижарага берүү жана пайдалануу жөнүндө**

Мунициупалдык менчикти сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында "Муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине, Куйручук-Кызарт айылдык кеңешинин 30.07.2024-жылдагы №12/7 токтом менен бекитилген "Муниципалдык менчик объектилерин пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө" жобонун 8-главасына ылайык, Куйручук-Кызарт айылдык кеңеши, токтом кылат:

1. Айылдды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун милдеттерин аткаруунун алкагында, айыл өкмөтүн башчысы К.Э.Жусупов ушул ьтоктомдун тиркемесине ылайык, муниципалдык мүлктү Бизнес өнөктөш Аалиев Адил Бекчороевичке (ID3288775 23.03.2023 МКК 215031) экономикалык ири долбоорун ишке ашыруу үчүн ижарага берсин;

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусупов белгиленген тартипте муниципалдык менчикти ижарага берүү жөнүндө Келишим түзүлсүн жана мүлктү кабыл алуу актынын негизинде өткөрүп берсин;

3. Бизнес өнөктөш Аалиев Адил Бекчороевичке:
- Өткөрүп берүү-кабыл алуу актында көрсөтүлгөндөрдү белгиленген тартипте ижарага кабыл алысын;
- Ижарага алынган мүлктүгн максаттуу пайдаланылышы камсыз кылсын;
- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматына караштуу "Унаа" мамлекеттик мекемесинде кабыл алуу-өткөрүп берүү актында көрсөтүлгөн кыймылдуу мүлктү ижарага алуу келишимин белгиленген тартипте каттоодон өткөрсүн;
-

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго тапшырылсын.

**Төрайым:** — **М.Акматалиева**